УДК 37.0

О.А. Акылбеков

# ТАРБИЯ ЖАНА БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫ ӨРКҮНДӨТҮЛҮҮГӨ ТИЙИШ.

Алгачкы адамдардын жашоо коомунда тарбия, билим берүү системасы бири–биринен ажыратылбаган бүтүндөй бир системага бириктирилип жүргүзүлгөндүгүн кийинки илимпоздор бир пикирден далилдеп келе жатат. Албетте, билимсиз тарбия, тарбиясыз билим берүүгө мүмкүн эместиги баарыга белгилүү.

Бирок, биз жашап жаткан азыркы мезгилде, цивилизациянын жогорку деңгээлде өркүндөгөн шартында тарбия – билим системасын теориялык жана практикалык негизде дагы өнүктүрүү маселеси күн тартибинен алынмак турсун кайрадан кыраакылык жана эң тактык менен толуктоону талап кылып олтурат.

Жыйырманчы кылымдын жыйырма биринчи кылым менен тогошоор мезгилинде илим жана техниканын, технологиянын укмуштуудай жогорку темпте өнүгүшү билим берүүнү, тарбиялоону жаңы деңгээлге которуп, теориялык, практикалык жактан далилдүү аргументтер менен бекемдөөнүн зарылчылыгын коюуда.

Биздин окумуштуулар, чыгармачыл залкар педагогдор окутуу, тарбиялоо системасында конкреттүү илимий теңдешсиз ачууларды жаратты. Советтик доордун улуу педагог – устаты Макаренко тарбиялоонун ынандыруу, ишендирүү жана кызыктыруу, өз эркинчилигин өстүрүү проблемаларына өзгөчө көңүл бургандыгы белгилүү. Мына ушуга байланыштуу турмушубуз бүгүнкү биздин алдыбызга коюп жаткан талабына ылайык, өзүбүз жашап жаткан коомубуздун чөйрөсүнө, шартына жараша билим – тарбия берүүгө карата айрым пикирлерди келтирүү ашыктык кылбаса керек.

Республикабыз базар мамилесине өтүүдө, коомдук менчиктерди либерализациялоодо жаңы шартка дуушар болду. Анын эң башкысынын бири

экономикалык тартыштыкка, бюджеттин бөксөрүшүнө алып келип, финансылык жетишпегендикке келип такалды. Албетте, бул оорчулук бирдиктүү экономикалык аймактын бузулушу, комплексттүү биримдик – байланыштын үзүлүшүнөн келип чыкты. Бирок, бул оорчулук убактылуу болсо дагы тарбия жана билим берүү системасына белгилүү өлчөмдө өзүнүн залакасын тийгизбей койгон жок. Кечөөкү эле советтик доордо эле эмес, андан мурунку коомдун мезгилинде да жашап, калыптанып келген билим – тарбия системасына олуттуу зыяндар келгендиги даана байкалууда.

Советтик доордо жаштарга, жалпы эле элибизге билим берүүдөгү жоопкерчилик жогорку деңгээлге көтөрүлгөндүгүн танууга болбойт. Калкыбыздын сабатсыздыгын, чала сабатсыздыгын жоюу маселесинде чыныгы революциялык иштер жүргүзүлгөн. Ал кезде ар бир жаңыдан ачылган мектептер, кызыл – үйлөр, клубдар жана башка мекемелер бул революциянын штабына айланган. Кат билген, белдүү интеллигенттер каарман жоокерлердин ролун аткарып, билим үчүн күн – түн дебей иштешкен. Билим берүүнүн башаты катарында өспүрүмдөргө башталгыч билим берүүнүн негизги багытын белгилеп, бул баскыч боюнча билим алууну жалпыга милдеттүү мыйзам кылып белгилеген. Төртүнчү классты бүтүрүү, башталгыч билим алуунун чеги болгон. Билим алуунун милдеттүү мыйзамы – сөзсүз аткарылуучу чара болуп, андан баш тартуу же карасанатайлык менен каршылык көрсөтүү оор кылмыш катары эсептелген.

Базалык башталгыч билим берүүнүн ийгиликтүү чечилиши андан аркы билим берүү баскычтарын жогорку деңгээлде чечүүгө шарт түзүп, өлкөбүздүн бардык (мурунку СССР) республикаларында бүтпөгөн орто жана орто билим алуунун милдеттүү мыйзамы ишке ашырылды. Албетте, бул чаралардын ийгиликтүү аткарылышы билим берүүнүн бул системасынын шартка, мезгилге толук жооп берип, сыноодон эркин өткөндүгү кубанарлык окуя болуп, маңызы, мазмууну келечектүү экендигин ар тараптан далилденди.

Ушундай кыйынчылык менен камсыз болгон ийгилигибиз, далилдүү билим, тарбия берүү системабыз бүгүнкү күндө аксап, оңолуп толукталуунун ордуна бөксөрүп жаткандыгы өкүнүчтүү.

Кийинки мезгилдерде билим-тарбия берүүнүн педагогикалык такталган системасына болоор-болбос кошумчаларды киргизүү менен аны өзгөртүүгө карата болбогон аракеттер жасалууда. Айталык, көп убакыттардан бери мектепке балдардын алты жаштан баштап киришине аракеттер көрүлүүдө, бирок ал ушул күнгө чейин айрым жерлерде аткарылса да, көпчүлүк аймактарда, аткарылбай жатат. Анын себебин бүгүнкү күндө түшүнүү кыйын эмес.

Айылдык жерлерде, ал эмес шаарларда, шаар тибиндеги кыштактарда деле мектепке чейинки мекемелер дээрлик жетишпейт, алгачкы билим-тарбия алуудан алты жашка чейинки балдар алыс калат, дегеле бул куракта жеткинчектердин акыл-эси толук өнүгүүгө ээ эмес. Ал эми шаар шартында тарбияланган, айрым табиятынан зээндүү балдар менен бардыгын бирдей кароого мүмкүн эмес. Бул мамиле боюнча биздеги дагы бир орчундуу жаңылыштык, шарт-шаанибизге карабай эле өнүккөн алдыңкы мамлекеттерди туурай бергендигибизде.

Учурдагы мамлекетибиздин экономикалык, саясий жана маданий өнүгүү деңгээлин, абалын эске алып, билим-тарбия берүүнүн ылайыктуу этаптарын ойлонуштуруп, бекем системага айландырсак да, ыксыз кошумча киргизе берип баш аламандыкка жол бербесек.

Биринчи баскычтагы мектептерге 1-5-класстарды киргизүү менен окуучулардын жаш курактары 7ден 12ге чейин болушу ылайыктуу. Медициналык жактан да, физиологиялык турпатынан да, 7 жашаар баланын ой-акылы, айлана-чөйрөгө болгон көз карашынан өз алдынчалык пайда боло баштайт, окуу куралдарына, дептер, карандашка болгон өздүк мамилеси артат. Ал эми бала 12 жашынан кийин чоңдордун, ата-энелеринин көз караштарын, мамилелерин өз алдынча талдоого, таразалоого жетише алган куракка өтөт. Бул этапта билим, тарбия берүүнүн эң ийкемдүү, жөнөкөй, жеңил этаптары бекем сакталууга тийиш.

Билим, тарбия берүүнүн экинчи баскычына 6-7-8-класстардын 12-15 жаш курактарындагы окуучулардын тартылышы ылайыктуу. Бул баскычтагы окуучуларга билим берүү системасын тереңдетүү менен экология, этика, диний каада-салттар боюнча сабактарды киргизүү талапка туура келет. 8-классты бүтүрүүдө негизги билим тармактары боюнча бүтүрүү экзамендерин киргизүү менен бүтүрүүчүлөргө жетилүү күбөлүктөрүн берип, андан ары кесиптик жана башка атайын орто окуу жайларына өтүүгө багыт берүү зарыл.

Үчүнчү баскыч – толук орто билим берүүчү 9-10-11-класстардын көлөмү болууга тийиш. Жаштардын акыл-эсинин, физиологиялык кубаттуулугунун, толук өнүккөн мезгили болгондуктан билим берүүнүн татаал мүмкүнчүлүктөрү кеңейтилип, профессионалдык тандоого карата өзгөчө көңүл бурулууга тийиш.

Бул баскычтагы окуучуларга конкреттүү тандаган багыттары боюнча кошумча сабактарды киргизүү зарыл. Мектептердин материалдык базаларына ылайык кесиптик тандоого карата атайын билимдерди берүү менен үч жылдык окуу мөөнөтүндө кесиптик-өзгөчө билимдерди берүүнү тереңдетүү жекече квалификациялык күбөлүктөрдү берүүгө убакыт жетти. Мунун бир жагы, экономикалык тартыштыктын негизинде бардык эле орто билимдүүлөр жогорку окуу жайларына өтө алышпайт, ал эми ЖОЖ бардык эле бүтүрүүчүлөрдү кабыл ала албайт. Ошондуктан орто адистик мектептерди бүтүрүү менен билим берүүнү өркүндөтүү учурдун талабы болууга тийиш.

Билим, тарбия берүү системасын жакшыртууга карата коюлуучу, учурдун бирден-бир талабы, билим алууну мамлекетибиздин эркин, өз алдынчалыгына карата милдеттүү мыйзамга айландыруу зарыл. Элибизди калыптанган, өнөкөткө айланган жогорку өнүгүү деңгээлин төмөндөтпөө үчүн, кыргыз элинин билимге, өнөргө умтулуу менталитетин бузбоо үчүн бул мыйзамдын болушу сөзсүз керек жана аткарылууга тийиш.

Кылым тогошор мезгилде «балдарыбызды кааласам окутам, каалабасам окутпай өзүм билем», деген пикир мамлекетибиздин эл аралык кадыр–баркын начарлатып, билимсиз–сабатсыз атуулдарыбызды көбөйтүү менен элибиздин беделин төмөндөтүүдө. Мындай көрүнүштөр аскерге чакырылган жаштардын арасында кеңири кездешип жаткандыгы жашыруун эмес. Шартыбызга ылайык билим берүүнүн мөөнөтүн ыксыз узартуу негизсиз.

Билим-тарбия берүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуунун азыркы шарттагы дагы бир зарыл багыты мектептердеги окуучулардын өтө көп контенгентин кыскартуу, класстагы окуучулардын санын максималдуу түрдө азайтуу зарыл. Бир класста (биринчи баскычтагы мектептерден тартып) 40-45 окуучунун болушу билим-тарбия берүүнүн жогорку натыйжалуулукка жетишин камсыз кыла албастыгын учур далилдеп жаткандыгы талашсыз. Ошондуктан, өтө эле ири көлөмдүү мектептерди куруунун артынан түшпөстөн, курууга да, башкарууга да, мугалимдик – билгич кадрлар менен жабдууга жеңил чакан 300-350 орундуу мектептерди уюштуруу талапка жооп берери айныксыз.

Мындай чакан билим-тарбия берүүнүн борборлорун курууда ата-энелердин, өзүбүздүн ичибизден чыккан ишкер-спонсорлордун мүмкүнчүлүгүн пайдалануу чет элдик карыз проңентүү инвестициялардан куткараары шексиз. Эң негизгиси билим-тарбия берүүнүн конституциялык талабы так аткарылып, жалпы билим берүүчү мектептердеги акылуу (акы төлөө) системаларына жол бербөө зарыл.

Жогоруда айрым пикир-сунуштар сыяктуу эле жогорку окуу жайларына карата айрым кайра куруу сунуштары көп жерлерде, массалык маалымат каражаттарында айтылып келе жатат. Азыркы учурда жогорку окуу жайлары сан жагынан кескин көбөйө баштады. Албетте бул жакшы сыймыктуу көрүнүш. Бирок, түзүлгөн кырдаалга, коомубуздун-экономикалык, маданий, саясий мүмкүнчүлүгүнө жараша окуу жайларын топтоо-адистештирүү менен адистик билим берүүнүн орчундуу маселесин чечүү зарыл. Республиканын борборуна же борборго жакын жерлерге эле окуу жайларын топтой берүүнүн анча зарылчылыгы бүгүнкү күндө ашыкча экендиги даана көрүнүүдө. Бул элибиздин материалдык мүмкүнчүлүгүнө, транспорттук, азык-түлүктүк тартыштыкка байланыштуу экендиги анык. Ошондуктан, мамлекеттин жардамы менен элибиздин өз демилгелүүлүгүн кеңири колдоп, алыскы областтык борборлорго материалдык жактан бүгүнкү күндүн талабына шайкеш келе турган окуу жайларын ачуу. Ачылып иштеп жаткандарын интеллектуалдык-билим даярдыгы толук, тажрыйбалуу кадрлар менен камсыз кылуу зарылчылыгы күн тартибинин негизги маселелеренин бири экендиги талашсыз. Чет жактардагы областык борборлордогу окуу жайларына мамлекет өзгөчө көңүл буруусу күндүн жетилген маселеси.

Келе жаткан жаңы кылым тунгуч президент А.Акаев айткандай билимдүүлөрдүн кылымы болуп, билимдүү гана мамлекет алдына койгон максаттарына жетишүүсүндө шек жок. Ошондуктан, чет жакадагы ар кандай муктаждыктарды эсепке алуу менен райондук, областтык мамлекеттик структуралар керектүү адистердин сан өлчөмүн тактоо менен окуу жайларындагы кайсыл кесиптеги адисттерди даярдоонун керектиги боюнча иштиктүү чараларды көрүүлөрү негизги зарылчылык. Ай айланып жыл өткөн сайын элибиздин экономикалык, саясий, социалдык муктаждыктары кескин кеңейе баштаары белгилүү, демек аларга учурдун талабына ылайык билимдүү, ишкер адистер керек. Буга ылайык Жогорку Окуу жайларынын тарбия-билим берүү тажрыйбасы, системасы өзгөрүлүүгө тийиш. Мурунку (Советтик мезгилдей) мамлекет тарабынан даяр ишке жайгаштыруу системасы бүгүнкү күндө өзгөрүлдү, демек ар бир адис окуу жайын бүткөндө өзүнчө ишкерлик

багытка өтүү менен өзүнө жана башкаларга кызмат ордун берүүнү, түзүүнү даярдоого ылайыктуу билим алып чыгуусу зарыл. Фермерлердин, кооперативдердин, бирикмелердин, акционердик коомдордун жана башкалардын өзүнө керектүү адис кадрларды даярдап алуусу бүгүнкү күндүн башкы талабы.

Мындай маселелерди чечүү үчүн азыркы мезгилде биздин коомубузда толук мүмкүнчүлүктөр түзүлүп келе жатат жана калкыбыздын ой түшүнүгү өстү, жогорулады, демек коюлуп жаткан талап кашкайган тарыхый чындык.

Албетте, билим-тарбия берүү системасына карата айтылган айрым пикирлер жекече гана пикирлер болгондуктан, тактоону, толуктоону талап кылаары шексиз.